DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Закиров У.А.*

# ФРАНЦИЯ ИСКУССТВОСУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТЫНЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК КУБУЛУШТАРЫ

*Закиров У.А.*

# ФИЛОСОФСКИЕ ЯВЛЕНИЯ ФРАНЦУЗСКОГО ИСКУССТВА И ХУДОЖЕСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ

*U. Zakirov*

# PHILOSOPHICAL PHENOMENA OF FRENCH ART AND ARTISTIC CULTURE

*УДК: 7.01*

*Француз искусствосунун жана көркөм маданиятынын философиясы деизмге – философиялык багытка негизделген, ага ылайык Кудай дүйнөнү жаратып, анын окуяларынын табигый жүрүшүнө кийлигишпейт. Деизм жеке кудайдын идеяларын жана пантеизмди – Кудайды табият менен идентификациялоону четке каккан. Француз философиясы жашап жаткан коомду, анын үрп-адатын, саясатын жана жашоо образын өзгөртүү зарылчылыгы жөнүндөгү идеялардын таасири астында өнүккөн. жакшылык, адилеттүүлүк жана илимий билим идеясын жайылтуу менен. Эл агартуучулар сабатсыздыкты, караңгылыкты, диний фанатизмди адамзаттын кырсыктарынын себеби деп эсептеп, феодалдык-абсолютисттик режимге каршы, саясий эркиндик, жарандык теңдик үчүн. Франция дүйнөгө көптөгөн жаркын оригиналдуу сүрөтчүлөрдү тартуулады. Ал эми кылымдардан бери келе жаткан салттарды солкулдаткан импрессионисттер гана эмес. Өлкө живопистин бешиги - кооз Италия менен чектеш. Демек, кайра жаралуу доору чыгармачыл адамдарга чоң таасир тийгизгени таң калыштуу эмес. Бирок улуттук оригиналдуу мектеп калыптанган эмес; Франция атактуу Леонардо да Винчи же Караваджонун талантынан ашкан чеберлери менен мактана албайт. Бул күнөстүү өлкөнүн тургундары башка мезгилде дүйнөлүк искусствого салым кошкон. Көркөм маданияттын ар түрдүү тармактарынын өзгөчөлүгү драматургияда, поэзияда, архитектурада жана көркөм сүрөт искусствосунда бул стилдин эволюциясынын айрым өзгөчөлүктөрүн аныктады, бирок бул айырмачылыктардын бардыгы менен француз классицизминин принциптери белгилүү бир биримдикке ээ. Абсолютисттик системанын шартында адамдын коомдук институттарга, мамлекеттик жөнгө салууга жана таптык тоскоолдуктарга көз карандылыгы өзгөчө курч түрдө ачылууга тийиш эле. Классицизмдин идеялык программасы өзүнүн толук көрүнүшүн тапкан адабиятта жарандык парз темасы, жеке принципти коомдук принциптин жеңиши басымдуулук кылат. Классицизм реалдуулуктун жеткилеңсиздигине акыл-эстүүлүк идеалдары жана инсандын катаал дисциплинасы менен каршы чыгат, анын жардамы менен реалдуу турмуштун карама-каршылыктарын жоюу керек. Классицизм драматургиясына мүнөздүү болгон акыл менен сезимдин, кумар менен милдеттин конфликти адам менен аны курчап турган дүйнөнүн ортосундагы бул доорго мүнөздүү карама-каршылыкты чагылдырган. Классицизмдин өкүлдөрү өздөрүнүн коомдук идеалдарынын ишке ашырылышын Байыркы Грециядан жана Республикалык Римден тапкан, ошондой эле байыркы искусство алар үчүн эстетикалык нормалардын персонификациясы болгон. Архитектура өзүнүн табияты боюнча коомдун практикалык кызыкчылыктары менен эң көп байланышкан, абсолютизмге эң күчтүү көз карандылыкта болгон. Күчтүү борборлоштурулган монархиянын шарттарында гана ошол убакта абсолюттук монархтын бийлиги идеясын камтыган бирдиктүү план боюнча жасалган чоң шаар жана сарай ансамблдерин түзүү мүмкүн болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *француз искусствосу, философия, көркөм маданият, көркөм искусство, стиль, живопись, архитектура, скульптура, деизм, классицизм.*

*Философия французского искусства и художественной культуры основана на деизме – философском направлении, согласно которому бог, сотворив мир, не вмешивается в закономерное течение его событий. Деизм отвергал идеи личного бога и пантеизма – отождествления бога с природой. Французская философия развивалась под влиянием идей о необходимости изменения существующего общества, его нравов, политики и быта путем распространения идеи добра, справедливости и научных знаний. Невежество, мракобесие, религиозный фанатизм просветители считали причинами человеческих бедствий, выступали против феодально-абсолютистского режима, за политическую свободу, гражданское равенство. Франция подарила миру много ярких оригинальных художников. И это не только импрессионисты, которые поколебали многовековые традиции. Страна соседствует с колыбелью живописи - прекрасной Италией. Поэтому неудивительно, что Ренессанс оказал большое влияние на творческих людей. Но национальная оригинальная школа не сформировалась; Франция не может похвастаться мастерами, превосходящими по таланту знаменитых Леонардо да Винчи или Караваджо. Уроженцы этой солнечной страны внесли свой вклад в мировое искусство в другое время. Специфика различных областей художественной культуры определила те или иные особенности эволюции этого стиля в драме, поэзии, в архитектуре и изобразительных искусствах, но при всех этих отличиях принципы французского классицизма обладают определенным единством. В условиях абсолютистского строя с особой остротой должна была обнаружиться зависимость человека от общественных установлений, от государственной регламентации и сословных барьеров. В литературе, в которой идейная программа классицизма нашла свое наиболее полное выражение, главенствующей становится тема гражданского долга, победы общественного начала над началом личным. Несовершенству действительности классицизм противопоставляет идеалы разумности и суровой дисциплины личности, с помощью которых должны преодолеваться противоречия реального бытия. Характерный для драматургии классицизма конфликт разума и чувства, страсти и долга нес в себе отражение свойственного данной эпохе противоречия между человеком и окружающим его миром. Представители классицизма находили воплощение своих общественных идеалов в Древней Греции и республиканском Риме, так же как олицетворением эстетических норм для них было античное искусство. Архитектура, по самому своему характеру в наибольшей степени связанная с практическими интересами общества, оказалась в наиболее сильной зависимости от абсолютизма. Только в условиях мощной централизованной монархии было возможно в то время создание огромных, выполненных по единому плану*

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*городских и дворцовых ансамблей, призванных воплотить идею могущества абсолютного монарха.*

***Ключевые слова:*** *французское искусство, философия, художественная культура, изобразительное искусство, стиль, живопись, архитектура, скульптура, деизм, классицизм.*

*The philosophy of French art and artistic culture is based on deism - a philosophical direction, according to which God, having created the world, does not interfere in the natural course of its events. Deism rejected the ideas of a personal god and pantheism - the identification of God with nature. French philosophy developed under the influence of ideas about the need to change the existing society, its customs, politics and way of life. by spreading the idea of goodness, justice and scientific knowledge. Enlighteners considered ignorance, obscurantism, religious fanaticism to be the causes of human disasters, opposed the feudal-absolutist regime, for political freedom, civil equality. France has given the world many bright original artists. And it is not only the Impressionists who shook the centuries-old traditions. The country is adjacent to the cradle of painting - beautiful Italy. Therefore, it is not surprising that the Renaissance had a great influence on creative people. But the national original school was not formed; France cannot boast of masters surpassing the talent of the famous Leonardo da Vinci or Caravaggio. The natives of this sunny country have contributed to world art at a different time. The specificity of various areas of artistic culture determined certain features of the evolution of this style in drama, poetry, architecture and the visual arts, but with all these differences, the principles of French classicism have a certain unity. Under the conditions of the absolutist system, the dependence of a person on social institutions, on state regulation and class barriers should have been revealed with particular acuteness. In literature, in which the ideological program of classicism found its most complete expression, the theme of civic duty, the victory of the social principle over the personal principle, becomes dominant. Classicism opposes the imperfection of reality with the ideals of rationality and severe discipline of the individual, with the help of which the contradictions of real life must be overcome. The conflict of reason and feeling, passion and duty, characteristic of the dramaturgy of classicism, reflected the contradiction inherent in this era between a person and the world around him. Representatives of classicism found the embodiment of their social ideals in Ancient Greece and Republican Rome, just as ancient art was the personification of aesthetic norms for them. Architecture, by its very nature most connected with the practical interests of society, found itself in the strongest dependence on absolutism. Only under the conditions of a powerful centralized monarchy was it possible at that time to create huge urban and palace ensembles made according to a single plan, designed to embody the idea of the power of an absolute monarch.*

***Key words:*** *French philosophy of art, artistic culture, fine arts, style, painting, architecture, sculpture, deism, classicism.*

XIX кылымдын төрттөн үч бөлүгүндөгү доордук мезгилдин учурларындагы Франция көркөм искусствосунда ар түрдүү багыттык жана агымдык кубулуштары келип чыга баштайт. Мына ошол агымдар арасынан көбүрөөк байкалганы катары классицизм жана романтизмдик стилдин ортосундагы өтө чоң карама-каршылыктарды жараткан күрөштүн ортосунан чыккан революциялык таасирлерге бөлөнгөн искусство маселелери айтылат.

**Скульптура.** “Романтикалык скульпторлордун эмгектериндеги чыгармачылыктуу мүнөздөрдөгү эң негизги маселелердин бири, жетекчилик жактан белгиленген канондордон баш тартуу болот. Ал эми чыгармачылыктагы замандын талап кылып турган маселеси, тарыхый сюжеттерге кайрылуулар, портреттик образдардагы эмоционалдуу баалуулуктар жана башкалар” [1].

**Франсуа Рюда (1704-1855-жж.).** Рюда өз чыгармачылыгында, Делакруанын “Боштондук сезимдер“ менен өз дүйнө тааным күчтөрүнүн ортосундагы кайчылаш болгон күчтөрдү бириктирген образдуулуктарын пайдаланып, көркөм искусстводогу монументалдык рельефтеги образдуулуктарды жаратып кетет.

Дүйнөгө белгилүү чыгармаларынын бири “1792-жылдары каалоочулар биримдигине өтүү“, - деп аталат, бул эмгегин көбүнчө эле “Марсельеза“, - деп атап коюшат. Атап айтып өткөн эмгеги Париждеги жылдыздар аянтынын Триумфалдык аркасынын рельефтик жасалгаларына кирет. Мындагы композициялык биримдиктеги бүтүндүк боюнча композициялык аллегория жана реалдуу чөйрөнүн болумуштары сүрөттөлгөн. Бул сюжеттик көрүнүш боюнча жеңиштин генийи болгон “Вика” өз канаттарын каккылап, айлана чөйрөдө катуу шамалды жаратып, элдик массаны артынан ээрчитип, анын баатырдык жеңишине биригүүгө үндөп жаткандай сүр көрсөтөт. Бул чыгармада, монолиттүү мейкиндик талаасындагы жаш эр жүрөк баатырдын элдик массадан суурулуп чыга келе жатканы чагылдырылат. Анын үстүндөгү турган кийим-кечелери антикалык доордогу аскердик жоокерлердин кийимдерине окшоп кетет.

Чыгарма жаратууда фактуралык ыкмаларга маани берип, көлөкө-жарыктын таасирлердин кандайдыр бир иштөө техникалык манералардан кийин пайда болуп калуу максатын туура коюп, контрасстык кубулуштарды эске алып модельдик форманын жандуулугунун келип чыгуусун камсыз кыла алат.

**Живопись. Жанн Огюстт Доминика Энгр (1780-1867-жж.).** Доминика сүрөтчү катары чыгармачылык жашоо доору, искусстводогу чечкиндүү өзгөрүүлөр болуп турган учурларга туура келет. Бул тарыхый доордо классицизм өз ордун романтизмге бошотуп берген доор.

“Энгр классицизмдик стилдин өкүлү катары, бул болуп жаткан өзгөрүүлөрдү өзү каалагандай кабыл алган жана ал процесстерди түшүнгөн” [2].

1808-1818-жылдарга чейинки аралыкта көптөгөн дүйнөгө таанымал чыгармаларын жазат. Мисалы: “Зевс жана Фетида”, “Барктуу Одалиска”, “Роже жана Анжелика”, “Паоло жана Франческа”, “Рафаель жана Форнарина” жана башка эмгектери.

Тематикалык жактан алып караганда, Энгрдин чыгармачылыгы классицизмдин диапазондук кучагынан аша түшкөн, башкача айтканда анын түшүнүктүк теориясынан аша түшкөн чыгармачылык менен иш жүргүзөт. Бирок мындай баалоолорго карабай Энгр классицизмдик стилдин жетектөөчү өкүлү катары да бааланып калган. Анын мындайча кадыр-баркка ээ болуп калуусуна “Людовик XII нин тамактануу учу-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



рундагысы", - деп аталган эмгеги себеп болот. Бул чыгармасы 1804-жылдары Париждеги дүйнөгө белгилүү болгон сүрөт салонуна коюлууга жиберилген.

Энгр классицист сүрөтчү катары, өзүнүн дүйнө таанымдарына жана иштөө манералык принциптерине бекем туруп, бул багыттагы живопистик чыгарманын жаралуусун алдын ала көрө билүү менен чыгармачыл ойлонгон сүрөтчү катары көркөм искусство тарыхында бааланат.

Романтик сүрөтчүлөр фантазияларга басым жасап ой жүгүрткөн болсо, ал эми классицизмдик стилде иштеген сүрөтчүлөр тарыхый жана мифологиялык көрүнүштөрдү реалдуу чындыкка тете сүрөттөй алган. Ал эми кечиккен классицизмдик доорлордо болсо, өтө таң калаарлык мүнөздөгү аралаш техникалык жана манералык көрүнүштөрүн чагылдыруу менен ("Натурализм" и "Бытовизм") бааланган агымдары пайда болот.

Энгрдин чыкармачылыгындагы иштөө принциптеринин байкалаарлык өзгөчөлүгү катары: кылдат жана тактык менен иштелген форманын четтерин белгилеген сызыктык белгилеринин болушу, образдарынын скульптуралык түрдө чаптап иштөө өндөнгөн ыкмадагы иштөө принциптери, динамикалуулук белгилери, ар түрдүүлүктөрдү алып жүргөн ритмдери, монохромдуулуктагы колориттүүлүгү, түстөрдүн гармониясы жана башка ар түрдүүлүктөрдү алып жүргөн чыгармаларын жаратат. Мисалы: "Одалиска жана кул кыз", "Ыйык вино куюлган идиштин жанында турган Мадонна"; "Венера Анадиомена"; "Түрктөрдүн баниясы" жана башка эмгектер.

Энгр өзүнүн чыгармачыл өмүр жолунда өтө көптөгөн портреттик жанрдагы эмгектерин жаратат. Алардын арасынан белгилүүлөрү: "Ривьердин үй бүлөсү"; "Девоса айым"; "Шовен айым"; "Сүрөтчү Тевенен"; "Римдеги Француз академиясынын мүдүрү" жана башкалар.

Сүрөтчү жогоруда белгилеп өткөн портреттик образдык чыгармаларында, ал модельдердин портреттик окшоштуктарына эле эмес, а балким алардын ички туюм сезимдерине көнүл бөлүү менен изилдөө жүргүзүп, алардын ички дүйнө таанымына терең маани берип, руханий дүйнөсү, ой-толгоолору жана башка кубулуштарды алып чыга алат. Биздин билишибизче, анын портреттик образдарын түзгөн модельдеринин дээрлик көпчүлүгү өзүнө жакын тааныштары болот.

**Теодор Жерико (1791-1824-жж.).** Энгрдин өзүнөн кичүүрөөк болгон замандаштары, Жерико жана Делакруа болот. Бул эки белгилүү сүрөтчүлөр романтиздик стилдин жүзүн жаратышат. Жаңы багыттардагы булактар жана өзгөчө бул экөө үчүн өтө баалуу болгон романтизмдик стили архаикалык мүнөзгө ээ болуп кетет.

Жерико өтө аз өмүр сүрөт, ошондуктан анын көптөгөн идеялык ой баалуулуктары бир шилтемдик манерасындагы чыгармалар катарында калып кала берет.

1812-жылдары анын "Офицерлердин башкаруусундагы Егерлердин курамын түзгөн атчандардын согуштук чабуулу", - деп аталган эмгеги атайын сүрөтчүлөр үчүн сатууга жана көрүүчүлөр үчүн уюштурулган көргөзмө салонуна коюлат. Бул тарыхый доордук мезгилдерде Наполеондун аскердик күчтөрүнүн эбегейсиз чоң бийликтеги кудурети бүткүл дүйнөгө таанылып турган мезгили болот.

Картиналык чыгарманын сюжетинде баатылар минчү аскердик атка ээр токумсуз минип турган эр жүрөк баатыр, ураан чакырып жана эл-журтту артынан ээрчип согуштук жортуул жасоого үндөп жаткан учур сүрөттөлгөн. Мындагы композициялык чечмелөөнүн диагоналдык жалпы абалдарда бирдей жайгашкан адамдардын образдары чыгармага ого бетер чоң сүрдүүлүктөгү таасир күчтөрдүн эффективдүүлүгүн берип турат.

Сүрөтчү дүйнө таанымында жаткан өтө көптөгөн улуу ойломдук бийиктиктерди мына ушул картиналык чыгармасынан байкоого мүмкүндүктөр бар.

Жериконун адамдын эрктүүлүктөрүнө болгон ишенүүлөрү, андагы аттардын тулку дене түзүлүштөрүнүн анатомиялык жактан өтө күчтүү кылып көрсөтүүгө болгон аракеттерин көргөндүгүнүн кубулуштарын карап жана байкоого болот. Бул картинасында кандайдыр бир патриоттук сезимдерине бөлөнгөн обондук музыкаларын ырдап тургандай таасирлеринин кулакка угулган күчтөрүн кадимкидей туясын. Аскерлердин күчтүү таасирлерден улам согуштук жортуулдарга аттанып кетүүгө болгон азгырыктардын күчүнө магдырап турган баатырдык сезимдер менен эригүүлөргө бөлөнүп калганы да даана эле көрүнөт.

Жериконун ушул сюжеттик темадагы картинасы менен башка дагы көптөгөн картиналык чыгармалары байланышып турат. Мисалы:

"Карабинчилерди жетектеген офицер"; "Кирасирлердин офицер жетектеген кошуунунун согуштук соккусу"; "Карабинердин портрети"; "Жарадар болгон кирасир" жана башкалар.

"Сүрөтчүнүн эң мыкты деп бааланган картиналарынын бири "Медуза салы", - деп аталат. Бул картинасы 1819-жылдары салонго көргөзмөгө коюлат жана көрүүчүлөр арасындагы фурорду жаратат" [3].

Жериконун бул чыгармасында реалдуулуктагы турмуштун жана табигый жашоонун чындыгынан турган окуясы сүрөттөлдү. Бул картиналык чыгармасында, Африканын кыркаларын көрктөндүрүп жээктеп турган деңизинде чөгүп бараткан "Медуза салы", - деп аталган деңиз бетиндеги табигый кубулушту сүрөттөйт, ал аскердик мааниге ээ болучу. Ошол талкаланып чөгүп бараткан кемеден сууга сал таштап үлгүрүшөт, ага чыгып алышкан жайнаган адамдар жан калкалап деңиздик каарынан өз жандарын сактоосун суранышуу менен үмүт кылып жалдыраган абалдар чагылдырылат.

Аларды эбегейсиз чоң дениз суусу ары калчап, бери калчап айлаларын кетирип, акырында алардын бактына "Аргус", - деп аталган чоң аскердик кемеси

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жолугуп калат да тирүү калган адамдарды куткарып калышат. Болуп өткөн бул окуяны, аман калган хирург Савиньи жана инженер Корреар айтып беришет. Мындай таасирдүү окуяны уккан сүрөтчү, абдан кызыгуу менен мамиле жасап, ошол болуп өткөн тарыхый окуяны картиналык чыгармада чагылдырууну чечет. Мына ошол реалдуулуктагы окуядан жаралган картинасы дүйнөлүк деңгээлдеги кызыгууну арттырган эмгекке айланат.

Чыгармадагы ар бир кыйналып турган адамдын жүзүндөгү образы ар түрдүү жана өтө таасирдүү көрүнүштөрдө сүрөттөлгөн. Алардын бирөөсү жан соогалап сууга кулап баратат, дагы бирөө өлүм алдында кудайга жалбарып жанын сактоосуна жалбаргандай абалда жатат, айтоор ар түрдүү абалдарда ар ким өз жанын сактап калууга аракет көрүп жаткан образдык кыймыл аракеттери берилген. Алардын каардуу катаал окуядан кыйналып турган абалдан жана өзгөрүп кеткен дене түзүлүшүндөгү булчуңдарынын өзгөрүүлөрүнөн, жүздөрүндөгү кан качуулары, аянычтуу абалдардагы көз караштары аркылуу берилген образдары жогору бааланат. Бул картинада ошол деңиздеги толкундук запкыда калган он беш кишинин аман калганы сүрөттөлгөн. Алар алыскы аралыкта сүзүп келе жаткан “Аргус” кемесин көрүшүп сүйүнүчтөрү койнуна батпай кубанышып, жашоолорго, аман калаарына ишенүү менен үмүт этип баштаган психикалык жана эмоционалдык абалдарына түшүп калгандыктары да байкалып кетет.

Медуза салын сүрөттөө үчүн сүрөтчү өтө көптөгөн чыгармачыл изденүүлөрүн жасаган. Мына ушул картинасын жаратуу үчүн абдан көп бир шилтемдик сүрөттөрүн иштеген, реалдуу турмуштагы кыйналып жүргөн адамдардын образдарын издеген, табияттын кубулуштарынын катаалдыктарын да изилдөөгө алган. “Жерико, бул картиналык чыгармасын сюжеттик пландоосунда салдагы кишилердин бири-бири менен урушуп жаткан абалды сүрөттөгүсү келген”. Бирок чыгармачылык процессинде иштеп олтуруп, идеялык максаты башка нукка түшүп, адамдардардын жакшы үмүт тилектерин эске алып, алыста сүзүп келе жаткан кемени көргөндөгү үмүттөрү, аман калууга болгон ар биринин жүзүндөгү ишеничтери, тагдырдын оор сыноо тамашасын эрдиктерче көтөрүп, бир салда баарысы жан калкалап, “Кемеде жүргөндүн жаны бир”, - дегендей болуп баарынын бирдиктүү мамилелерин гумандуу чагылдырууга өтөт. Ушул максаттагы, бул картинасынын негизги композициялык чечилишин жогорудан төмөн кароо көз караштык позициясында туруу менен ойломдук иш алып барат. Алыскы аралыктагы горизонттук жактан сүзүп келе жаткан үмүттөргө бөлөнгөн кеме керемети, алдынкы бөлүктөгү бирде сууга батып, бирде калкып агып бара жаткан салдык жасалма кайыгы, анын үлгүрбөгөн парусунун шамалга желбиреген жандуулугу, андан кийинки пландоолордогу деңиз толкундарынын кай бир убакытта жакшы көрүнгөн кереметтери, ал мына бул абалда кандай гана каардуу көрүнүшкө айланган шарттары жана башка жашоо чындыктары чагылдырылат. Дагы бир айтчу нерсе, бул картинадагы негизги композициялык борборду ээлеген кишиси колуна кызыл жоолук сымал кездемени колуна жогору көтөрүп булгалап, алыстагы кемеге белги көрсөтүп жаткандыгында. Айтоор ал байкуш акыркы үмүттөрдөн турган жышаанга бөлөнгөн кыймыл аракеттерден турган эр жигиттикти камтыган дене түзүлүшүнүн аянычтуу образына көрүүчүнүн көңүлүн бурат.

Эми бул картиналык чыгармага жалпы жонунан баа бере турган болсок, ритмдик тарабынан карай келсең, тайпаларга бөлүнгөн кишилердин тобу, алардын ар түрдүү ийкемдүүлүктөрдөгү жана позициялык абалдагы жан сактоо үчүн болгон кыймыл аракеттери, алардын динамикасы, кыйналган учурларга карабай чечинип турган дене түзүлүштөрдүн сулуулуктары, мындай оор кырдаалдын эстетикалык таасир күчү жана ушул өңдөнгөн көп кырдуулуктары сүрөттөлүүлөрүндө жатат. Картиналык чыгарма романтикалык мүнөздөгү программалуу кубулуш катары кызмат кылат. Бирок ошондой болсо да бул картиналык чыгарманы официалдуу чөйрө “критикалык памфлет“ катары кабыл алышат.

Жерико, литографиялык техникасында аткарылган көптөгөн сюжеттерин да жазган. Мисалы: 1821-жылы аткарылган “Өтө чоң түркүн кубулуштарын камтыган англиялыктардын жашоо сюитасы”, - деп аталган эмгеги белгилүү. Бул эмгекте англиялыктардын күнүмдүк жашоо-турмушунан турган бүтпөс окуялары сүрөттөлгөн.

Сүрөтчү аз да болсо чыгармачылык өмүр жолунда башкаларга үлгү болчудай болгон, адам баласынын жашоо өмүрүндөгү кубанычы, кайгы капасы, үмүт тилектери, дени сак менен оорулуу адамдын ортосундагы психоэмоционалдык абалдары өңдөнгөн учурларды да изилдөөгө алат. Мисалы: өзүнүн жакын досу психиатр врачтын суранычы менен ар кандай руханий жактан дартка чалдыккан пациенттерди портреттик образдарын сүрөтөөгө аракет кылган эмгектерин да иштейт. Дүйнөлүк көркөм искусство жана көркөм маданият тарыхында, ал сүрөтчү катары романтизмдик стилге жаңыча таасирдүүлүктөрдү киргизген улуу сүрөтчү боло алды.

**Эжен Делакруа (1798-1863-жж.).** Делакруа өзүнүн чыгармачылыгын Жериконун изденүүлөрүн улантуу менен баштаган жана анын чыгармачыл тематикалык эмгектенүүлөрүн уланткан. Сүрөтчүнүн жеке дүйнө таанымы улуу ишеничтерге бекем эле.

Делакруа 1824-жылы “Хиостогу кыргын”, - деп аталган эмгеги менен салондук көргөзмөгө катышкандан баштап дүйнөгө таанылып, романтизмдик стилдин атасы деген татыктуу сый урматка ээ болот.

Сүрөтчү өз ойлорунда: ар бир чыгармачыл инсан өзүнүн таасирдүү чыгармалары менен өтө чоң пайдалуу болгон, коомчулуктун аң-сезимине жакшы таасирлерди берип, адамзатты жакшы багыттагы ой толгоодогу өмүр жашоо жолуна буруу мүмкүн экенин

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өтө жакшы аңдап билген.

Делакруа чыгармачыл изденүүлөрү менен, 1830-жылы Францияда болуп өткөн революцияга терең маани берип, ошол тарыхый окуялардан турган мазмундагы картиналарын жазат. Алардын бирөөсү “Элдик күчтү баштаган боштондук”, - деп аталган картинасы. Ушул картиналык эмгекти жазуу үчүн өтө көптөгөн бир шилтемдик жана бат шилтемдик эмгектерин аткарган. “Искусство – адамдын аң-сезиминде чындыктын көркөм образдарда чагылдырылышынын бир түрүболуп саналат” [4], - демекчи ар бир сүрөтчү өз көркөм картиналык чыгармаларында адамзаттын аң-сезимине кандайдыр бир деңгээлдердеги таасир сезимдерин калтырат.

Эжен Делакруанын “Элдик күчтү баштаган боштондук”, - деп аталган картинасынын алгачкы максаттуу ойломдук пландоолору боюнча алып караганда бир топ айырмачылыктар бар, ал пландоолор боюнча көтөрүлүшчүлөр менен аскердик жоокерлердин ортосундагы кандуу кагылышуулар сүрөттөлүүсү керек болчу, бирок иштөө процесси боюнча сүрөтчүнүн ойломунда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болуп, алгачкы ойлонулган варианты өзгөрүүгө кабылат. Картинадагы аялзатынын образы аркылуу көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүлөрүнө буруп, чыгармага символдук маанидеги түшүнүк камтылган образдык маанилери бар ойлору берилет. Мында болуп жаткан окуялар боюнча барикадалык тосмолордун арасынан суурулуп чыгып, тегерегиндеги өлүп жаткан адамдарга карабай, өзү да алар арасында жатып калаарын ойлобой элди боштондук үчүн күрөшкө чакырып, аларга эр жүрөктүүлүктүн үлгүсү болууга үндөп жаткандай сүр көрсөткөн аял образы чагылышат. Картиналык чыгармадагы бул көрүнүш антикалык образдык символдук маанидеги жеңиштин кудайы болгон аял киши “Вика”ны элестетип кетет. Мындан сырткары, сүрөтчү атайын композициялык борбордогу боштондук үчүн күрөшкөн студент баланын жанына, эмгекчил бойго жете элек көрүнүштөгү жаш баланын да боштондук үчүн күрөшүүгө бел байлап аттанып бара жатканын сүрөттөгөн. Ал эми, картинадагы калган бардык элдер жалпы массаны түзүшүп, бирөө чуркап баратса, ал эми экинчиси өлүп бараткан абалда калган, дагы бирөөсү жарадар абалда, мына ушундай өңдөнгөн ар түрдүү мүнөздөрдү берген образдарынын жандуулуктары көрүүчүнү да патриоттук сезимдерге бөлөп жиберет.

Делакруанын “Элдин боштондук үчүн көтөрүлүшү”, - темасындагы элдик жеңиштин маанисинде Француз искусствосундагы романтикалык стилдин жеңишин сүрөттөп кеткен ийгилиги катары да кабыл алууга болот.

Делакруа 1831-жылынын аягында Африка мамлекеттине барып келгенден кийинки чыгармаларындагы тарыхый баалуулуктары жана иштөө техникалык жактан өтө жогору болгон деңгээлде аткарылган эмгектерин жазат. Мисалы: ”Алжирдик аялдар өзүлөрүнүн бөлмөсүндө”, - аттуу чыгармасындагы образдуулуктар. Мындан башка да өтө көптөгөн чыгармаларында атчандардын кыймылдары катышкан абалдар, аңчылык аракеттери, согуштук майдандардагы салгылашуулар жана башка жашоо болумушунун ар кандай шарттарындагы абалдардагы окуяларды сүрөттөгөн. “Искусство – элдин турмушунун ажырагыс бөлүгү” [5], - деп белгилегендей эле ар бир живопистик көркөм картиналык чыгармада элдин жашоо болумушу жатат.

1840-ж. сүрөтчү тарыхый маанидеги чыгармаларын жазып баштайт: “Трояндык акыйкат”, “Константинопольду жеңип алуу” жана башка эмгектер.

Делакруа өзүнүн чыгармачылык изденүүлөрүндө портреттик, натюрморттук жанрдагы живопистик чыгармаларды жаратат. Анын жаратып кеткен портреттик эмгектеринде XIX кылымдын белгилүү инсандарынын образдары чагылдырылган: жазуучу айым Жорж Санд; композитор жана пианист Ф. Шопен; скрипач Н. Паганини жана башка улуу коомдук ишмерлер.

Делакруа, көптөгөн белгилүү чыгармачыл жазуучулардын эмгектерине иллюстрациялык эмгектерди жасаган. Мисалы: В.Шекспир; Д.Байрон жана башка чыгармачыл инсандар. Кээде сүрөтчү өзү да адабият менен алек болуп жазуучулугу менен белгилүү болуп калган жерлери да бар. Ал илимий теориялык эмгектенүүлөрүндө искусство жөнүндө, анын ичинде түстүн сырлары, романтикалык стилде иштөө принциптери жөнүндө, өзүнүн жеке тажрыйбалык пикир ой бөлүшүүлөрү жана башка изденүүлөрүн жазат.

Делакруа сүрөтчү инсан катары искусствонун тарыхында ээлеген орду өтө чоң жана башка баа жеткис эмгектердин автору катары дүйнөгө таанылат.

**Адабияттар:**

1. Сокольникова Н.М. Изобразительное искусство. - М., 2009. - С. 170.
2. Гнедич П.П. Всемирная история искусств. - М., 2021. - С. 580.
3. Аксёнова А. История искусства. - М., 2021. - С. 151.
4. Афанасьев В.Г. Основы философских знаний. - М., 1976. - С. 320.
5. Куликова В.С. Философия и искусство модернизма. - М., 1980. - С. 3.
6. Закиров У.А. Искусство живописи как объект исследование истории философии. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 7. С. 217-221.